## МАТЕМАТИКА ЖАНА ИНФОРМАТИКА
## 2019-ж бүтүрүүчүлөр статистикасы


### БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН ЖАЛПЫ САНЫ




### МАТЕМАТИКА ЖАНА ИНФОРМАТИКА ФАКУЛЬТЕТИНИН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮ ИШ АЛЫП БАРА ТУРГАН ТАРМАКТАР:

1. Жогорку жана орто билим берүү
2. Илим изилдөө
3. IT, Маалыматтык коопсуздук
4. Финансы жана камсыздандыруу
5. Статистика ж.б.

### 2019-Ж. БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН 85% ЖАКЫНЫ ЖУМУШКА ОРНОШУП, АР КЫЛ ТАРМАКТА ЭМГЕКТЕНИП ЖАТЫШАТ




### УРМАТТУУ АБИТУРИЕНТ!

Мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбай, жаркын келечекке биз менен бирге кадам таштаңыз!

Алдыдагы мамлекеттик сынактарда ийгилик каалайбыз жана биз сизди күтөбүз!


**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**МАТЕМАТИКА ЖАНА ИНФОРМАТИКА ФАКУЛЬТЕТИ**

Бишкек шаары, Т. Абдымомунов көчөсү 328
КУУнин №6 окуу имараты, 221-кабинет

**Байланыш телефондору:**
+996 312 32 21 58
+996 700 96 76 99
www.fmi.kg
www.instagram.com/knu_matfak




# МАТЕМАТИКА жана ИНФОРМАТИКА ФАКУЛЬТЕТИ

## МАТЕМАТИКА ЖАНА ИНФОРМАТИКА ФАКУЛЬТЕТИ

**Урматтуу абитуриенттер!**

Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын флагманы болгон Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин математика жана информатика факультетине кош келиңиздер!

## БИЗДИН АРТЫКЧЫЛЫГЫБЫЗ



### Алдыңкы билим берүү борбору

Ж.Баласагын атындагы университеттин алдыңкы структуралык түзүмдөрүнүн бири болгон математика жана информатика факультети өзүнүн көп жылдык тарыхы менен, аталган университеттин эң ири билим берүү жана илимий изилдөө борбору болуп саналат.



### Заманбап программалоо тилдери

Факультеттин билим берүү программаларында заманбап программалоо тилдеринин принциптерин ( **C++**,**Python, Java, PHP**) жана ар түрдүү процесстерди математикалык моделдештирүүнү окутуу камтылган.



### Көп деңгээлдүү окутуу системасы

Факультет көп деңгээлдүү эл аралык стандарт боюнча кадрларды даярдайт. Алар :

**I- деңгээл** – бакалавр (4 жыл)
**II- деңгээл** – магистратура (2 жыл)
**III -деңгээл** – аспирантура(3 жыл)
**IV- деңгээл** – докторантура (3 жыл).



### Факультеттин сапаттык курамы

Факультетте 13 илимдин доктору, профессорлор, 27 илимдин кандидаты, доценттер заманбап технологияларды колдонуу менен студенттерге жогорку деңгээлде билим берип эмгектенишет.




Абитуриенттер жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча конкурстук негизде бюджеттик жана контракттык бөлүмдөргө кабыл алынат. Математика жана информатика факультети нин бюджеттик бөлүмүнө болгон конкурска катышуу үчүн жалпы республикалык тестирлөөнүн төмөнкү предметтик тесттерин тапшыруу зарыл:
**- математика же физика** предметтери.

Биздин факультет Сиздердин келечекте мыкты адис болушуңуздарга, терең теориялык билим алууңуздарга, заманбап программалоо тилдерин жана компьютердик технологияларды изилдеп үйрөнүүңүздөргө уникалдуу мүмкүнчүлүк берет. Андыктан факультетке кош келиңиздер!

## СИЗ БУЛ ЖЕРДЕН ЭМНЕНИ ҮЙРӨНӨСҮЗ:

**Колдонмо математика жана информатика, Колдонмо информатика багыттары боюнча:**

- Заманбап программалоо тилдерин;
- Компьютердик тармактарды проектирлөө жана профессионалдуу тейлөөнү;
- Компьютерлерди, ноутбуктарды, принтерлерди жана ар түрдүү оргтехникаларды оңдоону;
- Коопсуздук системаларын, б.а. сигнализацияларды, видео көзөмөл жүргүзүүчү камераларды орнотууну ж.б.

**Математика багыты боюнча:**

- Математикалык моделдерди түзүү, изилдөө;
- Математиканы окутуунун методикасын билүү жана жогорку чыгармачылык потенциалда болуу

Факультеттин бүтүрүүчүлөрү Кыргызстандын жана жакынкы же алыскы чет өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларынын магистратурасында жана аспирантурасында окуусун уланта алышат.

## МАТЕМАТИКА ЖАНА ИНФОРМАТИКА ФАКУЛЬТЕТИНИН ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШЫ




- М.В.Ломоносов атындагы ММУ (Россия)
- Токио мамлекеттик университети (Япония)
- Сциньзянь мамлекеттик университети (Кытай)
- Новосибирск мамлекеттик университети (Россия)
- Баку мамлекеттик университети (Азердбайжан)
- Санкт-Петербург мамлекеттик университети (Россия)